# Дидактика

№8 (35) ноябрь, 2024-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити


# Кудайберди Кожобеков кайрадан ОшМУнун ректору болуп дайындалды





Министрлер кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаровдун тескемесинин негизинде Кудайберди Кожобеков кайрадан Ош мамлекеттик университетинин ректору болуп дайындалды.

15-ноябрда Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын тармактык саясат бөлүмүнүн эксперти Медербек Омурбеков окуу жайдын Окумуштуулар кеңешинде тааныштырды. Жыйынга Билим берүү жана илим министринин биринчи орун басары Бекжан Супаналиев да катышты.

Кудайберди Кожобеков эмгек ишмердүүлүгүн 1997-жылы ОшМУнун колдонмо математика жана информатика кафедрасында окутуучу болуп баштаган. Эмгек жолунда декандын орун басары, Окуу-информациялык департаментинин директору, окуу иштери боюнча проректор кызматтарын аркалаган. 2017-жылдан 2019-жылга чейин Билим берүү жана илим министринин орун басары болуп иштеген. 2019-жылдын 11-ноябрынан тартып Ош мамлекеттик университетинин ректору кызматын аркалаган. Ректор катары эмгектенген беш жыл аралыгында окуу жайда эл аралык мамилелерди кеңейтип, өнөктөш чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар менен биргелешкен кош дипломдуу билим берүү программаларын ийгиликтүү ишке ашырууга жетишти. Кудайберди Кожобеков окумуштуу катары эки илимий монографиянын, тогуз окуу усулдук колдонмонун, 90 илимий макаланын, алты автордук күбөлүктүн ээси. Физика, математика илимдеринин доктору, профессор.

ОшМУ быйыл QS Quacquarelli Symonds уюму тарабынан сунушталган QS Stars эл аралык



## ОШМУДА "СОГУП ТУРГАН ЖҮРӨККӨ КАН ТАМЫР УЛОО" ОПЕРАЦИЯСЫ ИЙГИЛИКТҮҮ ЖАСАЛДЫ

26-ноябрда Ош мамлекеттик университетинин медициналык клиникасында 65 жаштагы бейтаптын жүрөгүнө аортокоронардык кан тамыр улоо операциясы жасалды. Дарыгерлер аны “согуп турган жүрөккө кан тамыр улоо” деп аташкан.

“Бул операция жүрөктүн кан айлануу системасын жакшыртуу үчүн жүргүзүлгөн хирургиялык операция болуп саналат. Анда жүрөктүн кан айлануусун камсыздай турган жаңы кан тамырларын түзүү аркылуу анын иштөөсү жеңилдейт. Жүрөккө кандын жетишсиздигин калыптандырат. Натыйжада бейтаптын жүрөгүнүн иштеши жакшырып, кан айлануунун нормалдашуу мүмкүнчүлүгүн берет”, - деди кардиохирург, профессор Бакытбек Кадыралиев.

Операцияны клиниканын кардиохирургу Жакшылык Абдимиталип уулу баштаган дарыгерлер жана Орусиядан чакыртылган кардиохирург Бакытбек Кадыралиев жасашты. Ал эки саатка созулуп, учурда бейтаптын абалы туруктуу деп бааланууда.

“Буга чейин медициналык клиникада оор жана жеңил түрдөгү операциялар жасалып жаткан. Биз жакынкы аралыктан бери кардиохирурхиялык операцияларды жасоого ылайыктуу шарттарды түздүк. Учурда кардиохирургия багытында 30дан ашуун операция жасалды. Мындан ары да клиникада акыркы үлгүдөгү заманбап техникалар алынып, жарандардын ден соолугуна кам көрүүгө шарттар түзүлөт”, -дейт ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков.

Клиникага жүрөк-кан тамыр ооруларын эрте аныктоо жана дарылоо үчүн Philips аппараты орнотулган. Дарыгерлер ал жабдык менен жакынкы күндөрү дарылоону башташат. Учурда борбордо операциялардын бардык түрү жасалат. Ал эми бөлүмдөрү заманбап үлгүдөгү медициналык шаймандар менен жабдылган.

**Ош мамлекеттик университетин 2025–2030-жылдарга модернизациялоо программасы**

3, 4, 5-беттерде

***Курбанбаева Нуржамал:***

**"ОшМУнун илимий жыйынтыктары эл аралык рейтингдерде көрүнө баштады"**

6, 7-беттерде

**ИЙГИЛИК коштогон 4 жыл**

2-бетте

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити
2024-жыл, ноябрь



# Борбор Азиядагы университеттердин ректорлорунун форумунда ОшМУ бир катар келишимдерге кол койду




20-ноябрда Бишкектеги "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында "Борбор Азия университеттеринин трансформациясы глобалдык чакырыктардын контекстинде" деген темада форум өттү. Борбор Азиядагы жогорку окуу жайлардын ректорлору, анын арасында ОшМУнун жетекчиси Кудайберди Кожобеков катышты.

ОшМУ бул форумга гуманитардык жана медициналык багыттагы билим берүү жана илим изилдөө багыттарын трансформациялоо, өндүрүш менен илимди айкалыштыруу аркылуу региондордун туруктуу өнүгүүсүн камсыздоо, Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстандын окуу жайлары менен өнөктөштүк мамилелерди, кызматташтыкты кеңейтүү боюнча сунуштары менен катышууда.

Форумдун алкагында окуу жай академиялык мобилдүүлүк, илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү жана эл аралык кызматташтыкты бекемдөөнү көздөгөн бир катар эки тараптуу эл аралык келишимдерге жана меморандумдарга кол койду. Алар:

• Караганда университети (Казакстан);

• Чыгыш-Казакстан университети (Казакстан);

• Эл аралык инженердик-технологиялык университети (Казакстан);

• Кокшетау университети (Казакстан);

• Казак улуттук кыз-келиндер педагогикалык университети;

• Аркалык мамлекеттик педагогикалык институту (Казакстан); Андижан мамлекеттик чет тилдер институту (Өзбекстан);

• Тажик мамлекеттик укук, бизнес жана саясат университети.

Бул келишимдер университеттер аралык илимий жана академиялык кызматташтыкты чыңдап, ОшМУнун студенттерине жана окутуучуларына жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Кудайберди Кожобеков белгилегендей, мындай иш-чаралар университетти эл аралык деңгээлде өнүктүрүүнүн маанилүү кадамы болуп эсептелет.

# Ийгилик коштогон 4 жыл

университеттер рейтингинде "төрт жылдыздуу" университеттердин катарына кирди.

Эл аралык абройлуу QS рейтингинде (QS Asia University Rankings 2025) ОшМУ Азиядагы эң мыкты 260, ал эми Борбор Азияда эң мыкты 13 университеттин катарына кирди.

"IAAR Eurasian University Ranking (IAAR EUR) - 2024" эл аралык рейтингинде экинчи орунду ээледи. Муну менен окуу жай Евразиядагы эң алдыңкы университеттердин үчтүгүндө турат. Жалпылап айтканда Ош мамлекеттик университети 4.0 муундагы университетке умтулуу жолуна түштү. Беш жыл аралыгында жыйырмадай окуу имарттар курулуп, толук ондоп-түзөлдү.

Алгачкылардан болуп өлкөдө ОшМУ электрондук окууга, санариптик тейлөөгө өттү. Абитуриент окууга тапшыргандан тартып, диплом алганга чейинки кыймыл-аракеттер санариптештирилди. Беш жыл ичинде маяна жогорулап, илимий изилдөө иштеринде ийгилик жаратkандарга, эл аралык рейтингдеги беделдүү журналдарда макаласы жарык көргөн окумуштууларга сыйлык акчалар үзгүлтүксүз берилип келет.

Учурда"Өзгөчө макамга" ээ ЖОЖ катары төртүнчү муундагы университетке айлануу, дүйнөлүк рейтингге кирүүгө багыт алууда.

Окуу жай Кудайберди Кожобековдун жетекчилигинде акыркы жылдарда бекем билим берүү, илимий жана материалдык-техникалык база, заманбап инфраструктура жана санариптик чөйрө түзүүгө жетишти. ОшМУ билим берүү, илим изилдөө, өндүрүш жана коммерцияланыштыруу системасын ийгиликтүү ишке ашырып, илимий изилдөөлөрдү шаар, регион жана өлкөнүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүгө багыттап келүүдө. Соңку төрт жылда ОшМУнун жалпы суммасы 197 млн сомдук биргелешкен долбоорлору ишке ашырылды. Алардын ичинде 25 млн сому Билим берүү жана илим министрлигинин, 34 млн сом ОшМУнун жана 138 млн сом эл аралык фонддордун инвестициялары болуп саналат.

Соңку эки жылдын ичинде университеттин илимпоздорунун социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган илимий иштеп чыгууларына 22 млн сом бөлүнгөн. Ошондой эле Ош шаарынын жана Ош облусунун бийлиги менен түзүлгөн кызматташуу келишимдеринин негизинде чакан ГЭСтерди жана күн, шамал станциялары сыяктуу альтернативдүү энергия булактарын куруу боюнча изилдөөлөр жүргүзүлүүдө.

ОшМУда «Келечек муундун ХАБы» деп аталган робототехника борбору ачылды. Бул - Борбор Азиядагы жана Шанхай Кызматташтык Уюмуна мүчө өлкөлөрдөгү биринчи жана жалгыз лабораториялык борбор болуп калды. Учурда болочок адистерди даярдоо жүрүүдө. Робототехника борбору Кыргызстанда жана аймактагы башка өлкөлөрдө бул тармактын өнүгүүсүнө түрткү болот.

Ошондой эле, экологиялык тармакта "Тоо экосистемаларын сактоо жана жашыл инновациялар" аттуу консалтинг борбору активдүү иш алып барууда. Өзгөн райондук администрациясынын жана Жалпак-Таш айыл чарба башкармалыгынын жардамы менен 300 гектар аянттагы жер көчкү аймагында «Курбу-Таш токою» деп аталган илимий-өндүрүштүк долбоор ишке ашырылууда.

Социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган ОшМУнун бизнес паркы да жаштарды ишкердик көндүмдөрүнө үйрөтүүдө. Учурда жалпы суммасы 13 млн сомдон ашкан инвестициялар менен 49 стартап иштеп жатат.

Университеттин медициналык клиникасы да билим берүү, илимий изилдөөлөр, практикалык база жана медициналык кызмат көрсөтүү сыяктуу акыркы продуктуларды коммерциялаштыруунун интеграциясын сунуштайт. Аталган жайда амбулатордук-диагностикалык бөлүм, терапия, стоматология, реанимация, хирургия, жүрөк-кан тамыр хирургиясы жана ички органдарды трансплантациялоо бөлүмдөрү бар. Клиникага тез жардам унаасы сатып алынып, кызмат көрсөтүүдө. Аймактардагы тургундардын ооруларын аныктап, дарылоо жүргүзүп, ооруларды алдын алуу, саламаттыкка кам көрүү боюнча "Ден соолук кербени" уюштурулуп турат. Ошондой эле жыл сайын студенттер акысыз дарылануудан өтүшөт.

Президент Садыр Жапаровдун "Ош шаардык клиникалык ооруканасын ОшМУга өткөрүү жөнүндө" жарлыгынын негизинде калаадагы оорукананын эски имаратынын ордуна жаңы жети кабаттуу медициналык клиника курулуп жатат. Курулуш иши аяктап, пайдаланууга берилсе, анын структурасында боор, бөйрөк, сөөк-мээ трансплантациясы, микрохирургия, реанимация, операциялык бөлүм, гепатология, офтальмология, пластикалык хирургия, нефрология, гематология жана диагностика бөлүмдөрү болот жана боор, бөйрөк оорусунан жабыркаган бейтаптарга заманбап медицина кызматын көрсөтүүгө ылайыкташтырууда.

ОшМУ 2024-2025-жылдарга аймактардын маселелерин изилдөөгө, чечүүгө багытталган сегиз илимий долбоорлорду өз бюджетинен колдоого алды. Аны ОшМУнун илимпоздору, окутуучулары, студенттери аткарышат. Бул багытта 2023-жылы табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин базасында окуу-өндүрүштүк ветеринардык клиника ачылды. Ал жай шаардык жана райондук бийлик органдары менен бирге жаныбарларды алдын ала текшерүү жана дарылоо боюнча иш-чараларды уюштурат. Айыл чарба продукцияларынын түшүмдүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу боюнча фермерлерге жана айыл чарба башкармалыктарынын кызматкерлерине илимий кеңештерди берет. Ошондой эле, мал чарбачылыгы боюнча биотехнологиялык борбор ачуу – асыл тукум мал чарбачылыгы боюнча кичи станция куруу пландаштырылууда.

ОшМУ менен Жапониянын эл аралык кызматташтык, илим жана технология агенттиктери, "ТЕКИЗАИТЕКИШ" ЖЧКсы, Токио медициналык жана стоматологиялык университети "Спутниктик маалыматтарга жана аймактык химиялык транспорттук моделдөөнүн негизинде абанын булганышын баалоо системасын өнүктүрүү жана абанын булганышын изилдөө борборун түзүү" долбоорунда биргелешип кызматташууда. Анын алкагында абанын булганышын өлчөөчү жабдыктар сатып алынат. Бул техникалар Ош, Бишкек шаарларына жана башка аймактарга орнотулат. Андан соң абанын булганышына мониторинг жүргүзүп жаткан улуттук системага киргизилет. Ал үчүн ОшМУнун кызматкерлери Токио медициналык университетинен окуп келишет. Долбоордун жалпы суммасы 5 миллион долларды түзөт.

Ал эми кытайлык Xiamen Jinming Energy Conservation Technology Co., Ltd. компаниясы менен таштандыны кайра иштетүү аркылуу электр энергиясын өндүрүүчү станция куруу боюнча кызматташуу тууралуу меморандумга кол коюлду. Ал Кара-Суу районунда курулат. Аймактын экологиялык абалын жана энергия менен камсыздоону жакшыртууну максат кылат. Бул экологиялык жактан алдыңкы долбоор катары Кара-Суу району гана эмес, Ош шаары, Өзгөн, Ноокат, Араван райондору үчүн да таштанды маселесин чечүүгө өбөлгө түзөт. Долбоордун жалпы наркы 40 миллион долларды түзөт.

ОшМУнун коммерциялык ишмердүүлүгүн жүргүзүү жобосун ишке ашыруу максатында Ош шаарынын Төлөйкөн айылында "Эс алуу борборун" калыбына келтирүү менен ондоп түзөө иштери жүргүзүлүп, 37 орундан турган мейманкана, үч конференция залы, ашкана жайлары курулду. "Эс алуу борбору" жоюлуп, анын ордуна "Conference resort OshSU" коммерциялык ишканасы түзүлдү.

Окуу жайдын Ысык-Көлдөгү "Үмүт" пансионаты толук оңдоп-түзөөдөн өтүп, атайын жобонун негизинде коммерциялык иш-аракетин жүргүзүп баштады.

ОшМУда буюмдарды жасоочу чыгармачыл устаканалар, мода жана дизайнердик кийимдерди иштеп чыгуу боюнча студиялар иштеп жатат. Киноакадемия тарабынан беш спектакль коюлуп, тогуз кыска метраждуу фильм жана эки көркөм фильм тартылган. Учурда "Абитуриент" аталышындагы сериал тартылып жатат.

Мындан тышкары университетте заманбап спорттук инфраструктура түзүлгөн. ОшМУ профессионалдык клубдарды каржылаган өлкөдөгү жалгыз университет болуп саналат. Окуу жайда волейбол боюнча эркектер жана аялдар кесипкөй клубдары бар. Алар бир нече жолу өлкө чемпиону болуп, кубокторду утуп алышкан. Ошондой эле, футзал боюнча Супер лигада кубок утуп алган команда жана өлкө чемпионатында ийгиликтүү ойноп жаткан «ОшМУ-Алдияр» футболдук командасы бар. Учурда ОшМУ өзгөчө макамга ээ болгон университет катары билим, илим жана өндүрүштү айкалыштырып, заманбап өндүрүштүк борборлорду ачып, окутуунун дуалдык системасын ишке ашырууда.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# Ош мамлекеттик университетин 2025–2030-жылдарга модернизациялоо программасы

***Ош мамлекеттик университетинин 2025–2030-жылдарга модернизациялоо программасы инновациялык жана атаандаштыкка жөндөмдүү билим берүү мекемесин түзүүгө багытталып, өлкөнүн аймактарын өнүктүрүүгө активдүү таасир этет.***

Бул программаны ишке ашыруу университеттин туруктуу өнүгүүсүн, эл аралык аренада таанылышын жана өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө болгон салымын камсыз кылат.

Университеттин башкаруу системасын трансформациялоо, башкаруу процессин жакшыртууга, инновациялык билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жардам берет.

Ош мамлекеттик университетинин 2025-2030-жылдарга модернизациялоо программасы университеттин өнүгүүсү жана эл аралык аренада атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыздоо үчүн бир катар стратегиялык приоритеттерди камтыйт.

Программа университетти илим, билим берүү, инновация жана коомдук ишмердүүлүгүндө алдыңкы сапка чыгарууну максат кылат.

### ОшМУнун 2025–2030-жылдарга модернизациялоо программасынын негизги стратегиялык приоритеттери

I. Эл аралык жана улуттук рейтингдерде университеттин ордун жогорулатуу;

II. Илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүктү трансформациялоо;

III. Билимберүүишмердүүлүгүнтрансформациялоо;

IV. Билим, илим жана инновацияларды коммерциялаштыруу;

V. Коомдогу университеттин ролун жана аброюн бекемдөө;

VI. Окуу жайдын бардык аспектилерин санариптештирүү;

VII. Университеттин башкаруу тутумун трансформациялоо.

### I. Эл аралык жана улуттук рейтингдерде университеттин ордун жогорулатуу

ОшМУ QS дүйнөлүк жана Азия, жашыл университеттер, Times Higher Education рейтингине кошулуу менен өз позициясын глобалдык чекке көтөрүүнү максаттайт. Бул аракеттер университеттин эл аралык деңгээлдеги аброюн жогорулатып, бүтүрүүчүлөрдүн карьера мүмкүнчүлүктөрүн кеңейүүсүнө жана жаңы инвестицияларды тартууга шарт түзөт.

ОшМУнун негизги миссиясы — сапаттуу билим берүү болгондуктан, ал өз ишмердүүлүгүн рейтинг талаптарына ылайык жүргүзүү менен билим берүү сапатын дүйнөлүк деңгээлге чыгарууну көздөйт. Бул багыт университеттин студенттерине жана окутуучуларына сапаттуу билим алуу жана берүү шарттарын камсыздоого чоң мүмкүнчүлүк түзөт.

ОшМУнун рейтингдерде жогорку көрсөткүчтөргө жетишүүсү аны чет өлкөлүк университеттер жана илимий мекемелер менен кеңири кызматташтык түзүүгө жетектейт. Бул кызматташтык академиялык мобилдүүлүккө өбөлгө түзүп, студенттер менен окутуучулардын эл аралык тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет. ОшМУнун илимпоздору жана изилдөөчүлөрү жүргүзгөн илимий ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын эл аралык журналдарда жарыялап, дүйнөлүк илимге өз салымын кошууга да шарттарды түзөт. Бул илимий потенциалды арттырып, глобалдык илимий коомчулук менен тыгыз байланыш түзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Жогорку рейтингдерге жетишүү ОшМУга кошумча каржылоо булактарын тартуу мүмкүнчүлүгүн да кеңейтет. Эл аралык гранттар, инвестициялар жана демөөрчүлөрдүн жардамы менен университет өзүнүн инфраструктурасын жакшыртат, билим берүү жана илимий иштерди өнүктүрөт. Рейтингдеги ийгиликтер университеттин билим берүү жана илимий изилдөөлөрдөгү жетишкендиктерин дүйнөлүк коомчулукка, мамлекетке таанытып, ишенимди жогорулатат.

Ош мамлекеттик университети үчүн эл аралык жана улуттук рейтингдердеги позицияларды жогорулатуу — бул университеттин атаандаштыкка туруштук берүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүчү жана заманбап билим берүү системасына шайкеш келүүгө багытталган башкы милдет. Бул милдет университеттин сапаттуу билим берүү, илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү жана эл аралык кызматташтыкты чындоо максаттарын ишке ашырууга жардам берет.

***Стратегиялык приоритет*** I. Эл аралык жана улуттук рейтингдерде университеттин ордун жогорулатуу

Эл аралык аренада университеттин беделин жогорулатуу жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн бекемдөө

Максаты: ОшМУнун Кыргызстандын жана Азиянын алдыңкы билим берүү жана илимий мекемелеринин катарына кирүүсү жана анын дүйнөлүк деңгээлдеги атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу.

Милдеттери:

• 2030-жылга чейин QS, THE (Times Higher Education World University Rankings by Subject: Business and Economics) дүйнөлүк рейтингинде позиция ээлөө;

• Университеттин жетишкендиктерин эл аралык деңгээлде таанытуу үчүн экологиялык жана социалдык багыттагы рейтингдерге катышуу.

Негизги көрсөткүчтөр:

• Qs дүйнөлүк рейтингинде сегизинчи жүздүккө кирүү;

• Qs Азиялык рейтингинде бешинчи жүздүккө кирүү;

• Qs жашыл университеттердин рейтингинде позиция ээлөө;

• Улуттук рейтингде биринчи бештикте позицияларды ээлөө.

Күтүлгөн натыйжалар:

• Университеттин эл аралык кадыр-баркынын өсүшү, бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, академиялык жана бизнес коомчулуктагы репутациясын бекемдөө.

### II. Илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүктү трансформациялоо

Илимий ишмердүүлүктү жаңы баскычка чыгаруу үчүн университет бизнес сектор жана фонддор менен биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүүнү көздөйт. Мындан тышкары, экология, медицина, санариптештирүү жаатында бир катар инновациялык долбоорлорду ишке ашыруу пландаштырылат. Университет аймактын жана өлкөнүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүгө салым кошо алат.

Ош мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүгүн трансформациялоо — глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү арттыруунун жана университеттин билим берүү, илим тармагында сапаттуу өсүшүнө өбөлгө түзүүчү маанилүү багыт. Заманбап илим жана технологиялардын тездик менен өнүгүшү алардын коомдун экономикалык өнүгүүсүнө тийгизген таасири университеттин максаттарына жетишүү үчүн илимий ишмердүүлүктү жаңы баскычка чыгарып, инновацияларды жана эл аралык стандарттарды колдоону талап кылат.

Илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары өлкөнүн түштүк аймагынын социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүү, калктын жашоо шартын жакшыртуу, жаңы жумуш орундарын түзүү үчүн маанилүү. Ошондуктан, университет жергиликтүү муктаждыктарга негизделген илимий ишмердүүлүктү колдоону жана атаандаштыкка жөндөмдүү экономика түзүүнү көздөйт. Бул үчүн университет ресурстарын жана инфраструктурасын заманбап талаптарга ылайык өзгөртүү, изилдөө борборлорун кеңейтүү, жаш илимпоздорду колдоо, алардын илимий иштерге активдүү катышуусун камсыз кылуу сыяктуу милдеттерди чечиши керек.

ОшМУнун стратегиялык планы илимий ишмердүүлүктү, инновацияларды өнүктүрүүгө, бизнес жана эл аралык тенденцияларга жооп берүү үчүн курулган. Университеттин ийгилиги өлкөнүн келечектеги экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнө, илимди коммерциялаштырууга жана илимий потенциалды эл аралык деңгээлде көрсөтүүгө салым кошот.

***Стратегиялык приоритет*** II. Илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүктү трансформациялоо

Илимий ишмердүүлүктүн жана инновациянын деңгээлин жогорулатуу, ишканалар менен биргелешкен долбоорлорду түзүү

Максаты: Университеттин илим жана технология өнүгүүсүнө кошкон салымын кеңейтүү, бизнес, мамлекеттик түзүмдөр жана эл аралык өнөктөштөр менен кызматташтыкты күчөтүү.

Милдеттери:

• Ишканалар жана эл аралык фонддор менен биргелешип илимий-изилдөөлөрдү каржылоо фондун түзүү;

• Спутниктик маалыматтарды колдонуу аркылуу абанын сапатын баалоочу мониторинг борборун түзүү;

• Экологиялык технологияларды иштеп чыгуу жана таштандыларды кайра иштетүү боюнча инжиниринг борборун ачуу;

• Кыргызстандын Түштүк-Батыш региондорун өнүгүшүнө багытталган биргелешкен изилдөө долбоорлорунун санын 50гө жеткирүү жана 10 эл аралык долбоорду ишке ашыруу.

Негизги көрсөткүчтөр:

• "Спутниктик маалыматтарга жана аймактык химиялык, транспорттук моделдөөнүн негизинде абанын булганышын баалоо системасын өнүктүрүү жана абанын булганышын изилдөө" борборун ишке киргизүү;

• ОшМУнун медициналык клиникасынын базасында "Жашоонун сапатын өнүктүрүү" илим-изилдөө институтун түзүү;

• ОшМУнун алдындагы "Next Generation HUB" борборунун базасында бизнес секторуна жогорку технологиялык көндүмдөрдү калыптандыруу багытында 20дан ашуун микроквалификацияларды ыйгаруу сервистерин ишке киргизүү;

• Билим берүү, медицина, бизнес, ветеринария, айыл чарбасы, өндүрүш, мамлекеттик-муниципалдык ишканалардын адистеринин потенциалын жогорулатуу багытындагы 100 долбоорду ишке ашыруу;

• Аймактын жана өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салымын кошкон өндүрүш менен биргелешкен 50 илимий-практикалык долбоорду ишке ашыруу;

• Жаңы инновациялык илим изилдөөлөрдү каржылоочу фонд түзүү;

• Кытайлык инвесторлор менен бирге таштандыларды кайра иштетүү комбинатын ишке киргизүү;

• Дүйнөлүк Банктын колдоосу астында онкологиялык оорулууларды алдын алуу жана дарылоо иштерин жүргүзүү;

• ОшМУнун базасындагы лабораторияларды, клиникаларды калкты тейлөө, коммерциялык кызмат көрсөтүү багытына трансформациялоо, тиешелүү атайын стандарттар боюнча сертификациялоо.

Күтүлгөн натыйжалар:

• Аймактагы экологиялык кырдаалды жакшыртуу, кошумча жумуш орундарын түзүү жана жергиликтүү муктаждыктарга багытталган изилдөөлөрдүн натыйжасында калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу.

(Уландысы 4-бетте)

# Ош мамлекеттик университетин 2025–2030-

(башталышы 3-бетте)

## *III. Билим берүү ишмердүүлүгүн трансформациялоо*

Университет заманбап билим берүүнүн талаптарына ылайык окуу программаларын модернизациялоого, санарип технологияларды киргизүүгө басым жасайт. Бизнес сектор менен өнөктөштүктө дуалдык билим берүү, практикага багытталган окутуу жана эл аралык билим берүү программаларын кеңейтүү максатын коет.

Бүгүнкү күндө илимий-техникалык прогресстин тез өнүгүшү жана глобалдык билим берүү чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөр университеттерди заманбап чакырыктарга жооп берүүгө гана эмес, ошол өзгөрүүлөрдүн активдүү жаратуучусуна айланууга мажбур кылууда. Ош мамлекеттик университетинин окуу-билим берүү ишмердигин трансформациялоонун негизги максаты — санарип доордун талаптарына жооп берген, ар тараптуу, ийкемдүү, эл аралык деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүү кадрларды даярдоого багытталган билим берүү системасын түзүү.

ОшМУнун стратегиясында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана заманбап технологияларды окуу процессине киргизүү каралган. Окуу программаларын жаңыртып, санариптик жана практикага багытталган окутуу ыкмаларын колдонуу менен университет XXI кылымдын керектүү компетенцияларын калыптандырууну максат кылат. Мындан тышкары, аймактын өнүгүүсүнө багытталган билим берүү моделдерин ишке ашыруу жана жергиликтүү экономика менен социалдык тармактын муктаждыктарына жооп берген адистерди даярдоо өзгөчө орунда турат. Бул багытта университет жаңы кесиптик адистиктерди ачуу жана микроквалификациялык курстарды киргизүү аркылуу заманбап кадрларды даярдоого багыт алган.

ОшМУ ошондой эле дүйнөлүк мыкты тажрыйбаларды колдонуу менен студенттердин жеке потенциалын ачууга, аларды атаандаштыкка жөндөмдүү адистер кылып тарбиялоого жана коомго пайда алып келүүгө шарт түзгөн ийкемдүү билим берүү моделдерин иштеп чыгууга умтулат.

Стратегиялык приоритет III. Билим берүү ишмердүүлүгүн трансформациялоо

Заманбап билим берүү моделин түзүү жана билим берүү программаларын ийкемдүү кылуу

Максаты: Санарип доордун жана глобалдык экономиканын талаптарына жооп берген билим берүү процесстерин трансформациялоо, адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу жана билим берүү программаларынын ийкемдүүлүгүн жогорулатуу.

**Милдеттери:**

- ***Аймактын ишканалары менен кызматташтыкта дуалдык билим берүү системасын киргизүү;***
- ***Билим берүү программаларын эл аралык аккредитациядан өткөрүү жана микро-квалификация форматындагы окуу курстарын түзүү;***
- ***Онлайн-университетти түзүү жана сырттан окууну онлайн форматка өткөрүү;***
- ***Орто мектептин жогорку класстарына атайын программаларды иштеп чыгуу, бул колледж жана бакалавр деңгээлиндеги окуу мөөнөтүн кыскартууга мүмкүндүк берет;***
- ***Кесиптик лицейдин, колледждердин, адистештирилген лабораториялардын, борборлордун базасында мектептин жогорку класстарынын окуучуларына атайын кесиптик микроквалификациялык окуу курстарын киргизүү;***
- ***Ош шаарынын, Ош областынын мектептеринин базасында илимий-педагогикалык, усулдук лабораторияларды ачуу, студенттерди жумуш ордунда окутууну камсыздоо.***

***Негизги көрсөткүчтөр:***

- ***Дуалдык билим берүү системасын киргизүү. ОшМУда даярдалып жаткан педагогикалык кадрларды даярдоо программаларында дуалдык окутууну камсыздоо;***
- ***Билим берүү программаларынын 100%ы эл аралык стандарттарга дал келтирүү;***
- ***ОшМУнун онлайн университетин түзүү менен сырттан окуу бөлүмүн онлайн окуу формасына трансформациялоо. Онлайн билим берүүнүн камтуусун 50%га жеткирүү;***
- ***Бир нече областтардын кесилишиндеги кесиптерди даярдоо боюнча билим берүү программаларын ачуу;***
- ***Эл аралык ЖОЖдор менен биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу;***
- ***ОшМУда ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын 50% кем эмес бөлүгүн эл аралык аккредитациялык агенттиктерден аккредитацияланышы;***
- ***Билим берүү, медицина, бизнес, ветеринария, айыл чарбасы, өндүрүш, мамлекеттик-муниципалдык ишканалардын адистери үчүн 50 микроквалификациялык окуу курстарын киргизүү.***

***Күтүлгөн натыйжалар:***

- ***Эмгек рыногунда талап кылынган билимдерге жана көндүмдөргө ээ бүтүрүүчүлөрдү камсыздоо, студенттер жана окутуучулардын эл аралык мобилдүүлүгүн өнүктүрүү, онлайн-программалар аркылуу билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу.***

## *IV. Билим, илим жана инновацияларды коммерциялаштыруу*

ОшМУ студенттик стартаптарды колдоо, маалыматтык сервистерди сунуштоо жана бизнеске инновациялык чечимдерди берүү багыттарын камтыйт. Коммерциялаштыруу илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын ишкердик секторго киргизүү аркылуу университетке кошумча каржылоону тартууга шарт түзөт.

Ош мамлекеттик университети (ОшМУ) университет 4.0 модели боюнча өнүгүү стратегиясынын маанилүү багыты катары билимди коммерциялаштырууга өзгөчө басым жасайт. Бүгүнкү шарттарда илимий изилдөөлөрдүн жана технологиялык жаңылыктардын натыйжаларын коммерциялаштыруу экономиканы диверсификациялоонун жана аймактык өнүгүүнүн маанилүү фактору катары каралат. Бул университеттин инновациялык ишмердүүлүгүнөн пайда болгон ойлоп табууларды жана стартаптарды рынокко алып чыгып, алардын коомдук жана экономикалык маанисин арттырууга, жаңы жумуш орундарын түзүүгө жана коомго пайда алып келүүгө мүмкүндүк берет.

ОшМУ бул максатка жетүү үчүн аймактык жана эл аралык бизнес түзүмдөр менен кызматташып, ишкердик сектордун талаптарына жооп берген сапаттуу адистерди даярдоону көздөйт. Коммерциялаштыруу процесси университетке билим берүү программаларын жаңыртууга, окутуучулар менен студенттер үчүн практикалык тажрыйба алууга жана инвесторлорду тартууга жол ачат. Бул аракеттер менен университет илимдин жана билиминин натыйжаларын өнөр жай, экономика жана коомдук чөйрөдө колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтип, билим берүү, илим жана өнөр жай ортосундагы байланышты бекемдейт.

Жыйынтыгында, ОшМУнун бул багыттагы стратегиясы университетке гана эмес, бүтүндөй регионго экономикалык жана социалдык жактан пайда алып келип, инновациялык потенциалды өнүктүрүүгө жана региондун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багыт алат.

### Стратегиялык приоритет IV. Билим, илим жана инновацияларды коммерциялаштыруу

Университеттин илимий иштеп чыгууларынын коммерциялашуусун жогорулатуу жана аймакка инвестицияларды тартуу

Максаты: Аймактын экономикалык өнүгүүсүн колдоо жана жаңы жумуш орундарын түзүү үчүн илимий иштеп чыгуулардын жана инновациялык продуктуларды коммерциялаштырууну активдештирүү.

**Милдеттери:**

- ***Туруктуу өнүгүү принциптерине негизделген студенттик стартаптарды ишке ашыруу;***
- ***Ири компаниялар менен биргеликте бизнеске жогорку технологиялык кызматтарды жана микрокурстарды көрсөтүү үчүн борборлорду ачуу;***
- ***Университет тарабынан иштелип чыккан продукттар жана кызматтар үчүн эл аралык сертификаттоо программаларын киргизүү;***
- ***Интеллектуалдык менчикти коргоо үчүн патент жана автордук укук лабораторияларын ачуу.***

***Негизги көрсөткүчтөр:***

- ***Стартап лабораториялары аркылуу жашыл принциптерге негизделген 100 студенттик бизнес долбоорлорду ишке ашыруу;***
- ***ОшМУнун Data борборунун базасында бизнес секторго маалыматтык база сервери, байланыш провайдери сервистерин көрсөткөн жогорку технологиялык долбоорлорду ишке ашыруу;***
- ***Oracle, Microsoft сыяктуу ири IT компаниялары менен биргеликте бизнес өкүлдөрү үчүн микроквалификациялык курстарды кийирүү;***
- ***Бизнести, кызмат көрсөтүүлөрдү, продукцияларды атайын эл аралык сертификациялоо ишмердигин уюштуруу;-***
- ***ОшМУнун медициналык, ветеринардык, агрардык, техникалык-сервистик лабораторияларын билимдерди коммерциализациялоо багытына трансформациялоо***
- ***Университет тарабынан иштелип чыккан продукттарга 10 эл аралык сертификат алуу.***
- ***Автордук укук, патент берүү лабораторияларын ачуу***
- ***Жыйынтыгы региондун экономикалык өнүгүүсүнө салым кошкон, прикладдык мүнөздөгү 50 илимий долбоорду ишке ашыруу***

***Күтүлгөн натыйжалар:***

- ***Университеттин кошумча каржылоо булактарын камсыз кылуу, аймактын чакан жана орто бизнесин өнүктүрүүгө салым кошуу жана бүтүрүүчүлөрдүн жумуш менен камсыз болуусун жакшыртуу.***

## *V. Коомдогу университеттин ролун жана аброюн бекемдөө*

ОшМУ жергиликтүү, улуттук жана эл аралык коомчулуктардын өнүгүүсүнө өз салымын кошууга умтулат. Университет социалдык жоопкерчилигин жогорулатып, Кыргызстандын аброюн дүйнөлүк деңгээлде таанытууга багытталган долбоорлорду ишке ашырат.

Ош мамлекеттик университети, билим берүү, илим изилдөө жана инновация чөйрөсүндө, ошондой эле социалдык өнүгүүгө кошкон салымы менен аймактык, улуттук жана эл аралык деңгээлде өзгөчө орду бар жогорку окуу жай. Университеттин миссиясы заманбап, атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо менен бирге, Кыргызстандын маданий мурастарын сактоо жана жайылтуу, эл аралык деңгээлдеги жогорку технологияларды жана мыкты тажрыйбаларды жергиликтүү коомчулукка жеткирүүгө багытталган.

Алдыңкы беш жылдыкта университеттин максаты — жашыл принциптерди сактоо менен айлана-чөйрө жана коом алдында социалдык жоопкерчиликтүү окуу жайга айлануу. Ошону менен катар, университет эл аралык рынокто Кыргызстандын аброюн көтөрүүгө, кыргыз элинин баалуулуктарын дүйнөлүк коомчулукка жайылтууга активдүү салым кошууга, ошондой эле жогорку технологиялардын жана илимий жетишкендиктердин негизги борбору болууга умтулат.

(уландысы 5-бетте)

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# жылдарга модернизациялоо программасы

***Стратегиялык приоритет V. Коомдогу университеттин ролун жана аброюн бекемдөө***

Университеттин социалдык жоопкерчилигин өнүктүрүү, анын коомчулукка кошкон салымын кеңейтүү

Максаты: Университеттин социалдык жоопкерчилигин өнүктүрүү жана анын жергиликтүү, улуттук жана эл аралык коомчулуктун өнүгүшүнө кошкон салымын бекемдөө.

**Милдеттери:**

- GRI эл аралык стандарттарына ылайык корпоративдик социалдык жоопкерчиликти жогорулатуу;
- Кыргыз маданиятын, жаратылышын жана туризмин эл аралык аренада таанытууга багытталган программаларды иштеп чыгуу;
- Студенттер жана кызматкерлерди социалдык жана экологиялык долбоорлорго тартуу.

Негизги көрсөткүчтөр:

- Кыргызстандын эли, тарыхы, маданияты, искусствосу, баалуулуктары, жаратылышы, ыйык жерлери, жан-жаныбарлары, туризм багытындагы сервистери, ж.б. жөнүндө очерк, макала, журналистик жазууларды дүйнөлүк абройлуу басылмалардан чыгаруу аркылуу Кыргызстанды дүйнөгө таанытуу;
- Эл аралык журналистиканы өнүктүрүү аркылуу дүйнөлүк коомчулукта университеттин, Кыргызстандын аброюн жогорулатуу;
- Социалдык жана экологиялык долбоорлорго тартылган студенттердин жана кызматкерлердин санын жогорулатуу;
- Мекеме-ишканалар, фонддор менен социалдык өнөктөш катары социалдык долбоорлорду аткаруу;
- ОшМУнун медиа командасын дүйнөлүк медиа коомчулуктарга мүчө кылуу;
- Эл аралык стандарттарга ылайык CSR отчетун даярдоо жана жарыялоо

Күтүлгөн натыйжалар:

- ОшМУнун жана Кыргызстандын эл аралык аренада таанылышынын өсүшү, университеттин коомчулуктун алдында кадыр-баркынын бекемделиши, абитуриенттер жана өнөктөштөр үчүн университеттин жагымдуулугунун жогорулашы.

## *VI. Университеттин бардык аспектилерин санариптештирүү*

Санариптештирүү университеттин бардык тармактарын камтыйт. Бул билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатып, онлайн окутуу системаларын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Санариптештирүү — бүгүнкү күндүн негизги тенденцияларынын бири, ал билим берүү жана илим тармагында жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, университеттердин өнүгүшүнө зор таасир тийгизүүдө. Ош мамлекеттик университети санариптик трансформацияны активдүү жүргүзүп, билим берүү, башкаруу жана илимий изилдөө процессин заманбап талаптарга ылайык жаңылоого багытталган.

Университеттин санариптештирүү боюнча негизги максаты — билим берүү процессин ыңгайлуу, жеңил жана жеткиликтүү кылуу, студенттер менен окутуучулардын тажрыйбасын жогорулатуу, ресурстарды үнөмдөө жана башкарууну жакшыртуу. ОшМУ онлайн окутууну уюштуруу, санариптик билим берүү платформаларын жана электрондук ресурстарды колдонуу, ошондой эле башкаруу ишмердигинде жасалма интеллектти колдонуу менен коррупциялык механизмдерди жана эреже бузууларды жоюу боюнча иш-аракеттерди пландаштырууда.

Жасалма интеллекттин инструменттери студенттердин окуу процесстерин оптимизациялоого, индивидуалдуу билим берүү маршруттарын түзүүгө, окутуучуларга маалыматтарды талдоодо жана изилдөөлөрдү жүргүзүүдө жардам берүүгө мүмкүндүк берет. ОшМУ, билим берүү стандарттарын жакшыртуу жана илимий изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу максатында, жаңы технологияларды активдүү киргизүүнү көздөйт.

Санариптештирүү процессин өнүктүрүү ОшМУ үчүн гана эмес, ошондой эле коом үчүн да маанилүү. Жаңы технологияларды колдонуу университетти билим берүү тармагындагы алдыңкы орундардын бирине чыгуусуна, коомчулукка кызмат көрсөтүүгө жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. ОшМУ санариптик трансформацияны өзүнүн стратегиялык өнүгүү планынын маанилүү бөлүгү катары карайт, бул анын жогорку сапаттагы билим берүү жана илимге болгон мындан аркы салымын арттырууга мүмкүнчүлүк берет.

***Стратегиялык приоритет VI. Университеттин бардык аспектилерин санариптештирүү***

Университеттин маалымат системаларын модернизациялоо жана санариптик куралдарды ишке киргизүү

Максаты: Билим берүү процессин, административдик функцияларды жана илимий изилдөөлөрдү оптималдаштыруу үчүн заманбап санариптик инструменттерди түзүү.

Милдеттери:

- ***Студенттер менен окутуучулардын онлайн-өз ара аракеттенүүсү жана дистанттык билим алуу үчүн санариптик платформаларды иштеп чыгуу жана киргизүү;***
- ***Окуу процессин, аттестацияны, кадр жана каржы ресурстарын башкаруу процесстерин санариптештирүү жана автоматташтыруу;***
- ***Университеттин жетишкендиктери боюнча маалыматтардын ачыктыгын камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берген изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун мониторинг кылуу жана баалоо үчүн санарип системаны түзүү;***
- ***Жасалма интеллектке негизделген системаларды иштеп чыгуу аркылуу коррупциялык механизмдерге, эреже бузууларга бөгөт коюучу долбоорлорду аткаруу;***
- ***IT тармагынын тренд багыттарын региондун коомчулуктарына жайылтуу.***

***Негизги көрсөткүчтөр:***

- ***Университеттин бардык административдик процесстерин санариптештирүү;***
- ***Университеттин уюштуруу-башкаруу ишмердигин жасалма интеллектти колдонууга карата трансформациялоо;***
- ***Онлайн окуу процесстерин санариптик платформага өткөрүү жана материалдарга жеткиликтүүлүктү 80%га жеткирүү;***
- ***Билим берүүнү уюштурууда жасалма интеллекти колдонуу;***
- ***Онлайн билим берүү технологияларын иштеп чыгуу, жайылтуу;***
- ***Онлайн билим берүүнүн серверин түзүү жана сервис уюштуруу;***
- ***ОшМУнун Data борборунун базасында региондун социалдык (мектеп, оорукана) мекемелерине маалыматтык база сервери, байланыш провайдери сервистерин көрсөткөн жогорку технологиялык долбоорлорду ишке ашыруу.***

***Күтүлгөн натыйжалар:***

- ***Административдик процесстердин натыйжалуулугун жогорулатуу, окуу материалдарына жеткирүү же илдетүү өнөктөштөр жана кызыктар тараптар менен өз ара аракеттенүүнү жакшыртуу.***

## *VII. Университеттин менеджментин трансформациялоо*

Технологиялардын тез өнүгүшү жана билим берүү чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөр шартында университеттин менеджментин трансформациялоо жогорку билим берүү жана башкаруунун сапатын жогорулатуу үчүн зарыл чара болуп саналат. Бүгүнкү күндө билим берүү мекемелерине коюлган талаптар өтө катуу, жана университеттер жаңы чакырыктарга жооп берип, атаандаштыкка жарактуу жана актуалдуу болуп калуу үчүн адаптациялоосу керек.

Башкаруунун натыйжалуулугу. Традициялык башкаруу ыкмалары, адатта, өзгөрүүлөргө тез реакция кылуу талабын аткара албайт. Уюштуруу структурасын реформалоо университеттин ийкемдүүлүгүн жана чечимдерди кабыл алуу ылдамдыгын жогорулатууга мүмкүндүк берет. Бул, өз кезегинде, башкарууга сарпталган убакытты азайтып, бардык бөлүмдөрдүн ишинин натыйжалуулугун жогорулатат.

Инновациялык ыкмалар. Заманабап башкаруу ыкмаларын, мисалы, Agile жана Lean, киргизүү ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга жана долбоорлор менен программаларды ишке ашыруудагы тобокелдиктерди азайтууга жардам берет. Бул ыкмалар студенттердин жана коомдун муктаждыктарына тезирээк жооп берүүгө мүмкүндүк берип, университеттин убакыттын талаптарына ылайык келишин камсыз кылат.

Кызыкдар тараптардын катышуусу. Бардык кызыкдар тараптардын (мугалимдер, студенттер, администрация) чечим кабыл алуу процессине активдүү катышуусун камсыз кылуу ачык жана транспаренттүү башкаруу чөйрөсүн түзүүгө жардам берет. Бул университеттин жетекчилигине болгон ишеним деңгээлин жогорулатат жана университеттин алдында турган актуалдуу маселелерди жана көйгөйлөрдү талкуулоого көмөктөшөт.

Кызматкерлердин жана студенттердин канааттануусу. Кайра байланыш системалары, мисалы, анкеталар жана сурамжылоолор, студенттердин жана кызматкерлердин муктаждыктарын жана күтүүлөрүн так аныктоого мүмкүндүк берет. 75%га чейин канааттануу деңгээлин жогорулатуу университеттин ичинде оң атмосфераны түзүүгө жардам берет, бул өз кезегинде жалпы өндүрүмдүүлүктү жана билим берүү процессинин натыйжалуулугун жогорулатат.

Стратегиялык максаттарды колдоо. Менеджментти трансформациялоо университеттин стратегиялык максаттарын, анын ичинде билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү жана инновациялык технологияларды киргизүү сыяктуу максаттарды ишке ашырууга түздөн-түз жардам берет. Бул университеттин туруктуу өнүгүүсүнүн негизин түзүп, улуттук жана эл аралык деңгээлде анын позициясын жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет.

Стратегиялык приоритет VI. Университеттин менеджментин трансформациялоо

Максат: Университеттин эффективдүү, ачык жана инновациялык башкаруу системасын түзүү, бардык кызыкдар тараптардын чечим кабыл алуу процессине активдүү катышуусун камсыз кылуу.

Милдеттер:

- ***Башкаруунун ийкемдүүлүгүн жана ыкчамдыгын жогорулатуу үчүн уюштуруу структурасын реформа кылуу;***
- ***Долбоорлорду жана программаларды башкарууда заманбап ыкмаларды киргизүү;***
- ***Башкаруу, профессордук-окутуу курам, студенттер жана администрация ортосундагы байланыш механизмдерин орнотуу;***
- ***Ийкемдүү башкаруу моделдерин колдонуу, командага негизделген башкаруу системаларын калыптандыруу;***
- ***Проекттерди жана программаларды натыйжалуу пландаштырууга жана мониторинг жүргүзүүгө багытталган санарип башкарууну киргизүү;***
- ***Долбоорлорду башкарууда Agile, Lean жана Design Thinking принциптерин колдонууну киргизүү;***
- ***Башкаруучу чечимдерди кабыл алуу убактысын кыскартуу;***
- ***Университеттин ишмердигинен кызматкерлердин жана студенттердин канааттануусун жогорулатуу.***

***Күтүлгөн жыйынтыктар:***

- ***Университеттин жетекчилигине болгон ишенимдин жогорулашы;***
- ***Жыйынтыктарды жакшыртуу жана кызматкерлердин катышуусун жогорулатуу;***
- ***Университеттин стратегиялык максаттарын эффективдүү ишке ашыруу.***

# Курбанбаева Нуржамал: "ОшМУнун илимий жыйынтык



*ОшМУ илимий иштерди жогорулатып, илимий потенциалын көтөрүү максатында 2020-жылдын сентябрь айында окуу жайдын ректорунун буйругунун негизинде Илим жана аспирантура бөлүмү илимий-изилдөө жана аспирантура бөлүмү болуп түзүлгөн. Илимий-изилдөө бөлүмү 2023-жылдын 2-августунан баштап илим жана инновация бөлүмү деп өзгөртүлгөн. 2021-жылдын 1-февралынан баштап физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Курбанбаева Нуржамал Нажимидиновна бөлүмдүн башчысы болуп дайындалган. Учурда бөлүмдө 8 кызматкер эмгектенет.*

*Бөлүм университеттин Уставына жана илимий кызматтык оорундарына ылайык университеттин илимий изилдөөлөрүн жана өнүгүүсүн жөнгө салуучу нормативдик укуктук актылардын, жоболордун негизинде иш алып барат, ОшМУнун кызматкерлери тарабынан аткарылып жаткан биргелешкен илимий изилдөөлөргө көмөктөшүүдө, аткарылып жаткан долбоорлордун иш-аракеттерин уюштурулушун көзөмөлдөөнү жүргүзөт. Ошондой эле профессордук-окутуучулук курамынын академиялык илимий ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы менен университеттин ички рейтингин аныктоодо, профессордук-окутуучулук курамынын академиялык илимий ишмердүүлүгүнүн баалоо жана шыктандырууда бир жолку сыйлыктарды каароодо уюштуруу иш-аракеттерин жүргүзөт. Андан сырткары университеттин илимий потенциалын жогорулатуу максатында илимий кызматкерлерди, окутуучуларды, магистранттарды жана аспиранттардын илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн компетенциясын калыптандырууга карата илимий семинар жана тренингдерди уюштурат. Биздин редакция аталган бөлүмдөгү иш-аракеттер, жетишкен ийгилектер тууралуу Нуржамал айымды сөзгө тарттык.*

***-Эжеке саламатсызбы? Илим жана инновация бөлүмү учурда университеттин беделин көтөрүү боюнча кандай аракеттерди көрүп жатат?***

-Саламатчылык, жакшы суроо. Окуу жайдын беделин көтөрүү ар бир кызматкердин милдети. Бөлүмгө окуу жайдын жетекчиси тарабынан бир нече милдеттер, тапшырмалар коюлган. Акыркы беш жылдагы илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары өзгөчө ишке ашты. Анын далили катары илимий жыйынтыктары эл аралык рейтингдерде көрүнө баштады. Ага мисал жакында гана ОшМУ Азиядагы эң мыкты 260, ал эми Борбор Азияда эң мыкты 13 университеттин катарына кирди. Бул биз үчүн чек эмес мындан аркы аракеттерибиздин жыйынтыгын дүйнөлүк рейтингде көрсөтүү. Андан сырткары изилдөөнүн сапаты, коомдогу негизги маселелерди чечүүдө, айыл-чарба тармагында долбоорлорубуз жигердүү ишке ашып жатат.

***–Жогорку окуу жайлардын региондорду өнүктүрүү багытында илим менен өндүрүштүн байланышы болушу үчүн кандай иш-аракеттер болуп жатат?***

- Өнүккөн өлкөлөрдө, дүйнө тажрыйбасы көрсөтүп тургандай, илимпоздору университеттердин илимий билим берүү борборлорунда иштеп, илим менен да, окутуучулук менен да алектенишет.

Биринчиден билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана илимий-техникалык кадрларды өркүндөтүү, окуу процессинде алынган илимий изилдөө иштери боюнча практикалык тажрыйбанын деңгээлин жогорулатуу. Экинчиден илим жана билим берүү чөйрөсүнө талантуу жаштарды тартуу. Үчүнчүдөн илимий кызматкерлерди даярдоодо, фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө илимий уюмдардын, университеттердин бюджеттик каражаттарын, кадрдык, маалыматтык жана материалдык-техникалык ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу. Төртүнчүдөн болсо экономиканын бизнес сектору жана корпоративдик илим менен байланыштарды активдештирүү, илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын натыйжаларын коммерциялаштыруу процесстери менен экономиканын реалдуу секторун технологиялар менен камсыз кылуу.

Бул багытта университетте изилдөөлөрдүн сапатын жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууда, изилдөө жүргүзүү үчүн зарыл болгон инфраструктураны чыңдоодо бир топ иш-аракеттер каралган.

***–Ушул багытта ОшМУнун гранттары аркылуу жүргүзүлгөн долбоорлордун ишмердүүлүгүн айта кетсеңиз?***

–ОшМУда учурда ички гранттары аркылуу 36 илимий долбоор өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп жатат. Табият таануу, дене-тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунан "Айыл чарба малдарын генофондун сактоо, жакшыртуу жана эпизоотиялык процесске мониторинг жүргүзүү" деген аталыштагы илимий долбоору (долбоордун жетекчиси, профессор Абдурасулов Абдугани Холмурзаевич) ОшМУда 2022-жылы ачылган Ветеринардык клиникада, академик И.М. Ботбаев атындагы "Молекулярдык биотехнология илимий борборунда" долбоорго тиешелүү ишмердүүлүгүн жүргүзүп жатат. Аймактарда фермерлердин суроолору менен койлордун асылдуулугун жакшыртуу жана жаңы порода чыгаруу боюнча илим-изилдөө иштери улантылып, койлорду өстүрүү ассоциасиянын төрагасы менен Ош, Жалал-Абад жана Баткен областарында кой өстүргөн фермерлердин койлоруна мониторинг жүргүзүлгөн, жыйынтыгында Ала-Тоо породасын чыгарууга койлордун керектүү көрсөткүчтөрүн өлчөп, аныктап материалдар даярдалууда, ДНКсын аныктоого анализ алынып изилденүүдө жана патент алуу маселеси каралууда. Аны менен бирге уйлардын генофондун жакшыртып, сүттүүлүгүн жогорулатуу боюнча Кара-Суу районунун уй өстүрүү боюнча фермердик чарбаларында Кореядан келген голштино-фриз породасындагы корея селекциясынан алынган букалардын тоңдурулган уруктары менен жасалма уруктандырылып, уйлардын кабыл алуу жөндөмдүүлүгү изилденүүдө жана музоолор алына баштады. Уйлардын эт багытындагы тибин чыгаруу боюнча алгылыктуу иш-чаралар, илим-изилдөө иштери жүргүдө, натыйжада кыргыз уйлары менен абердин-ангусс породасынан түшкөн 1-2 муундагы аргын уйлардын кунардуулугу (тирүүлөй салмагы, экстерьери, эттин чыгышы ж. б. көрсөткүчтөрү) изилденип жатат. Кара байыр породасынын келип чыгышы, генетика-селекциялык көрсөткүчтөрү изилденүү менен, кыргыздын кара байыр жылкысы деген породаны апробацияга даярдоо иштери жүргүдө. Чон-Алай районунда жылкылардын карабайыр породасынан ДНКсын изилдегенге кан алынып ПЦР лабораторияда аткарылууда.

Ошондой эле эпизоотиялык абалга мониторинг жүргүзүү менен, ар кандай жугуштуу, инвазиялык оорулардын алдын алуу боюнча иш чаралар өткөрүлүп жатат. Айыл-чарба малдарынын ичеги курттарын аныктоо боюнча капрологиялык изилдөө иштери улантылууда. Натыйжада Ош обласынын караштуу Алай, Кара-Кулжа жана Чоң-Алай райондорунун малдарынын бардык түрлөрү түрдүү гельминттер менен 10-45пайызга чейин жабыркагандыгы далилденген. Тейлериоз оорусу менен да уйлар жабыркаган ПЦР лабораториялык тастыктоолор менен изилдөөчүлөр окуп үйрөтүлдү. Жыйынтыгында SCOPUS базасына макала жарыяланды. Бул жыйынтыктар бир эле долбоордун аткарылышы.

***–Акыркы 5 жылда SCOPUS базасына чыккан макалалардын өсүү темпи жана жалпы илимий жетишкендиктердин көрсөткүчү кандай болду?***

–2022-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын негизинде өлкөдөгү 5 окуу жайга өзгөчө макам берилип, анын катарында Ош мамлекеттик университети дагы кирген.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан "Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели" стратегиялык программасы кабыл алынып, илимий-изилдөө багытындагы милдеттерин аткаруу боюнча деталдаштырылган индикатордук план бекитилген.

Индикатордук пландын негизги максаты – бул Scopus базасында индекстелген илимий басылмалардын санын көбөйтүү жана базадагы университеттин илимий-метрикалык көрсөткүчтөрүн кескин түрдө жогорулатуу менен ОшМУну дүйнөдөгү алдыңкы университеттердин рейтингине киргизүү болуп саналат.

Илимий-изилдөө багытындагы милдеттерин аткаруу боюнча деталдаштырылган индикатордук планда үч жылдын ичинде илимдин докторлору 3төн, илимдин кандидаттары-PhD доктoранттар 2ден жана илимий даражасыз окутуучулар-аспиранттар 1ден кем эмес Scopus базасында индекстелген басылма жарыялайт (макала, конференциянын материалы же китептердин разделдери) деген талаптар коюлган.

Scopus базасында индекстелген илимий эмгектердин саны 2019-жылдан 2024-жылга чейин 76 пайызга өсүп, учурда 451 макаланы түзөт.

Мындан сырткары көп макала жарыялаган авторлорубузду да атай кетсем Юсупов Фуркат – 53; Турсунов Дилмурат – 24; Сиддики Мухаммед Файзан – 17; Кулуева Чынара – 12; Кожобеков Кудайберди – 11; Жусубалиев Жаныбай – 10 илимий макала жарыяланган.

***-SCOPUS базасына кайсыл илимий багыттар боюнча көп макалалар жарыланууда?***

– Баардык тармак боюнча макалалар чыгып жатат. Эң жогорку көрсөткүч бул дары дармек боюнча. Алардын саны 115ти түзөт. Ошондой эле инженердик иш 86, айлана чөйрө жөнүндө илим 85, энергетика 76, информатика 57, жер жана планета жөнүндө илим 54, математика 52, социалдык илимдер 45, физика жана астрономия 40, айыл-чарба жана биологиялык илимдер 27, биохимия, генетика жана молекулярдык биология 24, материал таануу 20, экономика, эконометрика жана финансы 16, искусство жана гуманитардык илимдер 14, иммунология жана микробиология 13, чечим кабыл алуу жөнүндө илим 10, химия 10, көп профилдүү 8, бизнес, менеджмент жана бухгалтердик учет 8, ветеринардык 7, психология 7, саламаттыкты сактоо тармагындагы профессиялар 7, фармакология, токсикология жана фармацевтика 6, химикалык инженерия 6, мээрбан эже иши 3, нейробиология 1. Бул цифралар окуу жай үчүн жогорку көрсөткүч.

***-Сапаттык көрсөткүчтү жогорулатып жаткан илимий изилдөөчүлөргө кандай колдоолор көрсөтүлүүдө?***

–ОшМУда илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн материалдык колдоо көрсөтүлүп келет. 2018-жылдын 2-мартынан баштап кандидаттык диссертация коргогон окутуучулар 50 000 (элүү миң) сом, докторлук диссертация коргогон окумушутулар 100 000 (жүз миң) сом акчалай сыйлык алып жатышат. Бул колдоо илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүүгө, илимдин кандидаттары жана докторлору үчүн чоң стимул болоору талашсыз. 2020-жылдан 2025-жылга чейин диссертациялардын корголуусу жалпы: кандидаттык (PhD) – 89; доктордук – 17, жалпы – 106.

# тары эл аралык рейтингдерде көрүнө баштады"

***-Окуу жайда илимпоздорго илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө жана шыктандырууга кандай шарттар түзүлгөн?***

–ОшМУ алгачкылардан болуп стимул берүүчү гранттары аркылуу каржылык колдоо көрсөтүп, окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамы тарабынан долбоорлор аткарыла баштаган. Факультеттерде жана институттарда түзүлгөн айрым илимий борборлордо штаттык бирдиктер түзүлүп, университеттин алдында филология жана маданият аралык коммуникация институтунда Лингвистика институту, табият таануу, дене-тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунда Ресурстук борбор, Жашыл экономика жана тобокелчиликтерди башкаруу илим-изилдөө институту, Тоо экосистемаларын коргоо жана жашыл инновациялар Консалтинг борбору, математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунда Нанотехнология жана жасалма интеллект институттары ачылган. Илимий борборлорго тандалып алынган тиешелүү багыттагы долбоорлордун илимий-изилдөө иш-аракеттери жүргүзүлөт.
Андан сырткары, биргелешкен комплекстүү илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүү максатында 2022-жылдын 31-майында ОшМУ менен КРдин Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругунун ортосунда илимий-техникалык кызматташуу жөнүндө келишим түзүлгөн.
ОшМУнун стимул берүүчү гранттары аркылуу аткарыла турган долбоорлор жумуштун аткарылган бөлүгүн ачык системага киргизип туруу максатында атайын сайт иштелип чыккан. Мында https://grant.oshsu.kg/login.php электрондоштурулган дареги боюнча долбоорлордун аралык отчеттору киргизилип турат жана көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Ал эми SCOPUS базасындагы Q4 категориядагы жана Web of science базасынан, РИНЦтен, конференциянын жыйнактарынан басмадан чыккан макалаларга алынган патенттерге (ойлоп табууларга) жана долбоордун аткаруучусу болсо ички рейингде киргизишет. Илимий академиялык шыктандыруучу балл топтоп, ички рейтингдин жыйынтыгы менен календардык жыл бүткөндө илимий академиялык шыктандыруучу жобонун 18-пунктуна ылайык эки жылга бекитилген комиссиянын чечимине карап, ректордун буйругу менен жыл бою ар ай сайын айлык акысына кошумча сый акы төлөнөт.

***– Изилдөөчүлөргө кандай багыттагы иш-аракеттер жүргүзүлдү?***

-Бул багытта бир топ илимий-методикалык семинарлар, семинар-тренингдер уюштурулду.
Эл аралык деңгээлде макала жарыялоого кызыктар болгон окутуучулар жана изилдөөчүлөр үчүн Scopus базасына кирген журналдарга макалаларды даярдоо ыкмаларын үйрөтүү аркылуу ОшМУнун илимий жана академиялык дараметин жогорулатуу, угуучулардын академиялык жазуу жөндөмдөрү өстүрүү жана эл аралык деңгээлде илимий журналдарга жарыялоого багыт берилип, 2023-жылдан баштап жалпысынан эл аралык тажрыйбасы бар тренерлер чакырылып, 7 илимий-методикалык семинар өткөрүлдү.
"Изилдөө усулдарын окутуу" курсу боюнча жайкы мектеп, "Scopus базасындагы индекстелген илимий журналдарга макала жазуу жана басмага берүү", "Эл аралык долбоор жазуу жана жыйынтыгында скопуска макала берүү", "Магистратура менен докторантура программаларында изилдөө курстарын окутуу" (онлайн), "Илим изилдөөнүн актуалдуу маселелери" жана "Илимий изилдөөнүн Европада жана Германияда каржылоо булактары (Нанотехнологияны турмушта колдонуу мисалында)"аттуу илимий-методикалык семинарлар өткөрүлдү.

***-2024-жылда илимий жетишкендиктердин көрсөткүчү кандай?***

–Билим берүү жана илим министрлигинин жаш изилдөөчүлөр жана окумуштуулар арасында жарыялаган сынагына катышып, жыйынтыгы менен "Жылдын эң мыкты илимий макаласы" номинациясы боюнча экинчи орунду педагогика, искусство жана журналистика институтунун журналистика кафедрасынын улук окутуучусу Жапаралиев Шербол Жапаралиевич ээлеген жана "Жылдын мыкты жаш окумуштуусу" номинациясы боюнча эл аралык медицина факультетинен Абдирасулова Жайнагүл Абдирасуловна экинчи орунду ээлегендиги үчүн, тарых жана юридика институтунан Алишер кызы Салтанат үчүнчү орунду жана искусство жана журналистика институтунан Асаналиева Мээргүл Максуталиевна төртүнчү орундарды багындыргандыгы үчүн дипломдор ыйгарылган.
Университеттин илимий изилдөө жана илимий-усулдук иштердин жыйынтыктары макала, монография, окуу-усулдук колдонмо, окуу китеби түрүндө үзгүлтүксүз жарыкка чыгарылып келет. 26-ноябрь күнү илим күнүнө карата уюштурулган "Мыкты окуу жана илимий эмгек" конкурсунун жыйынтыктары боюнча атайын түзүлгөн конкурстук комиссиянын чечими ректордун буйругуна сунушталып, «Мыкты монография-2024», «Мыкты окуу курал-2024» номинациясы, "Мыкты окуу усулдук колдонмо-2024" номинациясы, "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан каржыланган жана гриф менен чыккан окуу китептери-2024" номинациясы боюнча 1-2-3-орунду ээлеген 11 жеңүүчүсүнө сертификат жана акчалай сыйлыктар берилди.
Ал эми окуу жайдын беделин көтөрүүдө салым кошуп жаткан илимпоздордун илимий эмгектери "Мыкты илимий эмгек" номинациясына квартили жогору (Q1, Q2, Q3) болгон дүйнөлүк алдыңкы абройлуу илимий басылмалардан жарык көргөндүгү үчүн 15000 (он беш) миңден 75000 (жетимиш беш) миңге чейинки өлчөмдө акчалай бир жолку сыйлык акы каралышы жөнүндө жобого ылайык 2023-жыл ичиндеги SCOPUSтан чыккан 12 макаланын 10 авторуна сыйлык акылар каралды. Ал эми 2024-жылда илим күнүнө карата жыйынтыкта SCOPUS базасына катталган квартили Q1, Q2, Q3 илимий журналдардан чыккан макалаларга "Мыкты илимий эмгек" номинациясы боюнча 21 макала менен 34 автор сыйланды. ОшМУда эмгектенип жаткан илимпоздор тарабынан илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы менен SCOPUS базасына катталган абройлуу илимий журналдардан анлис тилинде чыккан илимий макалалар өткөн окуу жылына караганда дээрлик 3(үч) эсеге көп жарык көргөн.
-Сизге рахмат. Ишинизге ийгилик!

Маектешкен: Каныкей ЖОРОЕВА.










"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Каныкей ЖОРОЕВА

**Редакциялык кеңеш:**
Н.Мапаева, Т.Алдакулов, Г.Жутанова, А.Батыралиев, Б.Оморкулов, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы

**Фото кабарчы:** Р.Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 1300 Буюртма №1640

*Кара-Кыргыз автоном облусунун 100 жылдык мааракесине, тарыхты жана ата-бабаларыбызды эскерүү күндөрүнө карата*

# Совет бийлигине кызмат кылган Алымбек датканын урпактары

***Албетте, иликтөөбүз Алымбек Датка менен Курманжан Датканын неберелери Кадырбек Камчыбеков менен Жамшидбек Карабеков жөнүндө болмокчу. Бул эки каарман Кыргызстандын түштүк аймагында Кеңеш (Совет) бийлигинин чыңдалышына жана Кара-Кыргыз автоном облусунун түптөлүшүнө опол тоодой кызмат кылышкан, бирок 1937-жылы каардуу репрессиянын курмандыгы болушкан.***

***Эки тарыхый инсан жөнүндө маалымат Фергана өрөөнүндөгү басмачылардын кыймылы жана аларга каршы күрөш жаатындагы мурдагы советтик адабияттардагы айрым эмгектерде кездешет. Бирок алардын өмүр таржымалдары астейдил изилденген эмес.***

Советтик тарыхчы А.И Кунindин эмгегинде Кадырбек Камчыбеков менен Жамшидбек Карабеков басмачылырга каршы кыргыздардын ыктыярдуу атчандар кошуунун (отрядын) түзүп, Алай өрөөнүндөгү басмачыларга каршы күрөшкөндүгү кыскача маалымдалган [1,73-90]. Түркстандагы граждандык согуштун катышуучусу, советтик тыңчы П.Камерондун калемине таандык очеркте (баянда) кыргыздардын ыктыярдуу атчандар кошуунунун командири Кадырбек Камчыбековдун айтылуу Мойдунбек корбашчыны куралсыздандырып, колго түшүргөндүгү учкай [2, 62-69] чагылдырылган. Албетте, советтик доордогу мамлекеттик идеология ошол замандагы калемгерлер менен тарыхчыларга "эл душмандарынын кара тизмесине катталып жазыксыз репрессияланган эр-азаматтардын өмүр жолун жана салымдарын тереӊ изилдөөгө жол берген эмес.

Кейиштүүсү постсоветтик эгемен доордо деле эки тарыхый инсан жөнүндө изилдөө иштери дурустап колго алынбай келет. Негедир кыргыздардын ыктыярдуу атчандар полкунун тарыхын изилдеген окумуштуу Назар Тунтеевдин эмгегинде деле эки тарыхый инсан жөнүндө таптакыр маалымат жок. Болбосо мына ушул эки азамат Кыргызстандын түштүк аймагында кыргыздардын ыктыярдуу атчандар кошуунун уюштургандардын башкы демилгечилери болгон эмеспи. Менимче, эки тарыхый инсан тууралуу кеңири маалыматтар НКВДын (кийинки КГБын) сырдуу сандыгына бекитилген окшойт. Арийне, архив маалыматтардын негизинде басмачылардын кыймылы боюнча ар тараптуу чагылдыруу иштеринин жүрүмүндө басмачыларга каршы күрөштүн каармандары катары Кадырбек Камчыбеков менен Жамшидбек Карабеков тууралуу маалыматтар аздап болсо да айгинелене баштады.

Түркстандагы эгеменчилердин "Басмачылар кыймылы" аталган саясий жана аскердик күрөшү, алгачкы баскычта дал ушул эгеменчи жана антибольшевиктик топтордун ийгиликтерине коштолуп жүргөн. Кызыл Армиянын алгачкы курамын түзгөн армян тектүү дашнактар менен орусдардын дыйкандар армиясынын жергиликтүү бейкүнөө калайыкка карата жасаган бир катар зордук-зомбулуктары менен кандуу кыргынын кесепетинен жергиликтүү калктын ичинде Кеңеш бийлигине жана оруссиялыктарга карата ишенбөөчүлүк, иренжүү сезимдери күч алган кезең орун алган. Дал ушул шартта Түркстандагы жергиликтүү калктын басымдуу бөлүгү басмачылардын катарына ыктыярдуу кошулгандыгы да азыр ачыкка чыкты. Мадаминбек "ляшкар башы" Фергана өрөөнүндөгү көзөмөлдү 1920-жылдын жаз айларына чейин кармап турган. Албетте жергиликтүү калк эгеменчил Мадаминбектин армиясын моралдык жана каржылык жактан колдоп кубаттагандыгы да анык. Фергана аймагындагы большвиктер үчүн оор кырдаалды баалап, РСФСРдин Эл Комиссарлар Кеңеши 1919-жылы 11-августта Түркстан майданынын (фронтун) түзүп, анын жетекчилигине М.В.Фрунзени дайындаган. 1919-жылы 8-октябрда жогорудагы органдын демилгеси менен Түркстан комиссиясы түзүлөт. Тажырыйбалуу саясий билими жетик большевиктер менен толукталган бул комиссия кырдаалды иликтеп чыгып, Фергана облусундагы тажырыйбасыз ревкомдордун жана реакциячыл маанайдагы, коммунисттик идеология тууралуу таптакыр түшүнүгү жок дашнактар менен толукталган Кызыл гвардиялык топторунун акылга сыйбаган иш-аракеттерин ашкерлейт. Комиссиянын жыйынтыгына ылайык айрым кызыл командирлер революциялык трибуналга тартылат, армян тектүү дашнактардын кошууну таркатылат, Дыйкандар армиясы куралсыздандырылат.Фергена өрөөнүндө вакыф мүлкү, казылыктар кандайдыр бир деңгээлде калыбына келтирилет.

Ошентип Түрккомиссиянын мындай ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жергиликтүү калктын бөлүгүндө Кеңеш бийлигине карата ишеним акырындап жаралып, айрым жерлерде жергиликтүү тургундар басмачыларды колдоодон баш тарта баштаган. Түрккомиссия басмачыларга каршы күрөш өнөктүгүнө жергиликтүү калктын өкүлдөрүн тармайынча ийгилике жетүүгө мүмкүн эмес, деген пикирин Түркстан Борбордук Аткаруу Комитетине (БАК) билдирген. 1920-жылы 15-майда Түрк БАКы, Түркстан майданынын революциялык аскердик кеңеши менен биргеликте чыгарган декретине ылайык, Советтик Түркстан республикасын коргоо максатында жергиликтүү калктын белгилүү тобун куралдандырыла баштаган. Бул кошуундар акырындык менен советтик милиция системасына өткөрүлүүгө тийиш болгон. Кошуундарды чыңдоо иши аскердик окутуу жүрүмү менен коштолгон .

1920-жылдын июнь айында большевиктер Ош шаарынын Эркиндик аянтында (мурдагы Церковная) жергиликтүү калайыкты жапырт түрдө аскердик окууга тарта баштады. Аскердик окутуунун биринчи агымында Кадырбек Камчыбек уулу менен Жамшидбек Карабек уулу да болгон. Кадырбек Камчыбек улу аскердик окууга чейин эле, 1918-1921 жылдар аралыгында Кашкар-Кыштак болуштук башкаруу кеңешинин төрагасы болуп шайланып, иштеп келген. Аскердик окуудан өткөндөн кийин Алайдагы кыргыздардын ыктыярдуу элдик милиция кошуунун уюштуруп, Алай өрөөнүндө басмачылардын кыймылынын тоо таянган топторуна каршы күрөшкөн.

М.В.Фрунзенин демилгеси менен мурдагы штабс-капитан, кавалерист Сулайман Күчүковдун башкаруусунда төрт кошуунду (отрядды) камтыган Кара-Кыргыз атчандар полку түзүлөт. Биринчи кошуун Гүлчөдө, экинчи кошуун Жалпакташта, үчүнчүсү Көк-Артта, төртүнчүсү Базар-Коргондо жайгашкан. Мына ушул Гүлчөдөгү кошуунду Кадырбек Камчыбек уулу жетектеген. Алгач кыргыз атчандар полкунун жалпы саны 1000 жоокердин тегерегинде болгон. Кара-Кыргыз атчандар полку Фергана майданынын (фронтунун) аскердик штабына баш ийген.

Кеңеш бийлиги басмачыларга каршы согуш аракеттерин жүргүзүүдөн тышкары, корбашылардын ортосундагы карама-каршылыктарды кылдаттык менен өз пайдасына чечүү сыяктуу тактиканы пайдаланган. М.В.Фрунзенин айлакерлиги менен кыргыздын "отуз уул" уруусу менен "ичкилик" урууларынын ортосундагы илгертен келе жаткан айрым уруу аралык тирешүүнү да колдонгон. Маселен, дал ушул Кадырбек Камчыбек уулунун колу менен Мойдунбек корбашчынын колу ойрон кылынган жана Мойдунбектин өзү 1921-жылы колго түшүрүлгөн .

А.И.Куниндин маалыматы боюнча, Кадырбек Камчыбек уулу 1921-жылы комунисттик (большевиктик) партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынган. 1922-жылы январда Гүлчө болуштугунун жалпы чогулушу Кадырбек Камчыбек уулун Ош үйөздүк -шаардык IV саясий конференциясына делегат кылып жиберген. Кадырбек Камчыбек уулу Кыргызстандын түштүк аймагында саясий таасири чоң төбөлүнө айлана баштады. Ал жетектеген ыктыярдуу отчандар курамы Гүлчө, Жошолу, Корул айылдарында жашаган жергиликтүү тургундардан (таптык жактан жиликтенбестен) түзүлүп, жарым казармалык абалда даяр турган. Бул кошуундун штабы Жошолу айылында жайгашкан. Дайыма 20-25 жоокер кошуундун горнизонунда штабды коргоп турган. Аскердик кошуун алгач жергиликтүү калктын эсебинен каржыланган. Бул кошуундун негизги милдети - Алайдагы стратегиялык зор мааниси бар ашууларды көзөмөлдөө жана Батыш Кытайдан Памир, Эркечтам, Сопу-Коргон аркылуу Фергана аймагындагы басмачыларга тымызын келип жаткан курал жарактарды колго түшүрүү болгон.



2-сүрөт. Фергана фронтунун аскердик штабында 1922 ж. Сол жакта биринчи отурган штабдын башчысы Д.В.Соколовский (кийин СССРдин маршал чинине жеткен), анын катарында Кадырбек Камчыбеков. Оң жакта биринчи отурган Жамшитбек Карабеков.

Кыргызстандын түштүк аймагында Кеңеш өкмөтүнүн жер-суу реформасына наараазы болгон бай-бийлердин жана орто катмарлардын совет бийлигине каршы конрреволюциялык үгүү башталды. Ошол кезеңде 1927-жылы май айында Анжиян жана Ош кантондорунда эгеменчилердин "басмачылык" кыймылы кайрадан күч алды. Бул кыймылдын "куйругу", Батыш Кытай тарапта жаткандыгы маалым болду. Басмачылык кыймыл менен күрөшүү боюнча Борбордук комиссия Ош кантонун "бандитизм менен күрөшүүнүн ишенимсиз" аймагы катары жарыялады. Ошол эле учурда Кыргыз обкомуна өкмүттүк комиссия түзүп, тез аранын ичинде Ош кантонуна жиберүүнү сунуштады. Бул комиссияга башкалар менен бирге Өзбек ССРин БАКын төрагасы Юлдаш Ахунбаев, Кыргыз АССРин БАКын төрагасы Абдыкадыр Орозбеков ошондой эле Кадырбек Камчыбек уулу менен Жамшитбек Карабек уулу да кирген. Комиссиянын негизги милдети Ош кантонундагы баштапкы советтик аппараты бекемдөө жана контреволюциялык кыймылга каршы күрөшүп жаткан советтик аскерлерди чыңдоо болгон.

*(уландысы кийинки санда)*

(уландысы кийинки санда)

Талайбек ЖАРКЫНБАЕВ,

ОшМУнун Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын доценти, тарых илимдеринин кандидаты.



1-сүрөт. Төмөнкү катарда, оң жакта биринчи отурган Кадырбек Камчыбеков, анын аркасында турган Жамшитбек Карабеков.